| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛАСТЫ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>З.КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛЬНОГО<br>АЙМАКА ИМЕНИ З.КАЙНАЗАРОВОЙ |
|---|---|---|

XXIX- чакырылыштын 1- (кезектүү) сессиясы

**ТОКТОМ №1/4**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

28-январь 2026-ж Чат-Кель айылы

***Жергиликтүү бюджетти бекитүү жөнүндө***

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын 34- беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 102-беренесинин негизинде жана З.Кайназарова атындагы айылдык кеңешинин бюджеттик комиссиясы сунуш кылган З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бюджетинин долбоорун жана 2027-2028 жылга кирешелер боюнча болжолун карап чыгып, айылдык кеңеш

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн 2026-жылга кирешелер боюнча бюджети №1 тиркемеге жана 2027-2028 жылга кирешелер боюнча болжолу №3 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2026-жылга - 43390,2 миң сом суммасында, анын ичинде атайын эсеп боюнча – 6074,0 миң сом, тендөөчү грант боюнча – 16045,2 миң сом;
2027-жылга - 45203,6 миң сом суммасында, анын ичинде атайын эсеп боюнча – 6074,0 миң сом, тендөөчү грант боюнча – 16045,2 миң сом;
2028-жылга – 47186,6 миң сом суммасында, анын ичинде атайын эсеп боюнча – 6074,0 миң сом, тендөөчү грант боюнча – 16045,2 миң сом.

2. З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн 2026-жылга чыгашалар боюнча бюджети №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2026-жылга – 43390,2 миң сом суммасында, анын ичинде атайын эсеп боюнча – 6074,0 миң сом, тендөөчү грант боюнча – 16045,2 миң сом;

3. Республикалык бюджеттен келип түшкөн максаттуу трансферттер тийиштүү багытта колдонулсун.
4. 2026-жылга чыгашаларды каржылоо биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелер (эмгек акы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна төгүмдөр) боюнча жүргүзүлсүн.

5. 2025–жылы жергиликтүү бюджеттин толук каржыланбай калган айрым чыгыша түрлөрүн 2026-жылдын бюджетинде каралган каражаттардын (ассигнование) чегинде компенсациялансын.

6. Атайын эсептердин сметасында бекитилген суммадан ашыкча түшкөн кирешелер толугу менен жергиликтүү бюджеттин карамагында калат.

7. Бюджеттин киреше бөлүгүн ашыгы менен аткарылышында айыл аймактагы өткөрүлүүчү коомдук жана маданий иш-чараларды каржылоого багытталат.

8. 2026-жылдын 1-январына карата чыгашаларга караганда кирешелердин ашыгы менен аткарылышын (эркин калдык) №4 тиркемеге ылайык бекитилип, бөлүштүрүлсүн.

9. 2026-жылга тендөөчү грант №5 тиркемеге ылайык бекитилсин.

10. 2026-жылга маданият кызматкерлердин штаттык ыраатамасы №6 тиркеме ылайык бекитилсин.

11. Республикалык бюджеттен максаттуу трансферттер түшкөндө айыл аймактагы социалдык-экономикалык инфраструктураларды, айылды көрктөндүрүү жана турак-жай коммуналдык чарба керектөөлөрдү каржылоого багытталсын.

12. Айыл өкмөт башчысына өндүрүштүк зарылчылыкка байланыштуу каражаттарды бөлүм ичинде өзгөртүүгө, толуктоого жана жылдырууга укук берилсин.

13. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.К. Жумашалиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Б.Ибраимов**